**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

Бишкек ш.

_______________№_________ г. Бишкек

## “Станциялык курулмаларга: автовокзалдарга, автостанцияларга, автопавильондорго жана автокассаларга коюлуучу талаптарды бекитүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын “Автомобиль транспорту жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” жобого ылайык, долбоорлонуучу, реконструкцияланууучу жана капиталдык ондоодон өтүүчү станциялык курулмаларга: автовокзалдарга, автостанцияларга, автопавильондорго жана автокассаларга карата талаптарды жана ченемдерди белгилөө максатында, **буйрук кылам:**

1. Тиркелген “Станциялык курулмаларга: автовокзалдарга, автостанцияларга, автопавильондорго жана автокассаларга коюлуучу талаптар жөнүндө жобо” бекитилсин.

2. Автовокзалдарды, автостанцияларды, автопавильондорду жана автокассаларды ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген Жобонун талаптарына ылайык келтирүү, ведомстволук таандуулугуна жана менчигинин түрүнө карабастан тиешелүү станциялык курулмалардын ээлеринин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырыла тургандыгы белгиленсин.

3. Бул буйрук расмий катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде мамлекеттик жана расмий тилдерде Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин расмий сайтында жарыялансын.

4. Транспорт саясатын жүргүзүү башкармалыгы буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жүзүндө

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жана электрондук түрдө, аталган буйруктун жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып, буйруктун көчүрмөсү үч жумушчу күндүн ичинде маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлсүн.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган учурдан тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министринин орун басары А.Тургунбаевге жүктөлсүн.

**Министр** **А.Т. Сыргабаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН